DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

***МЕДИЦИНА ИЛИМДЕРИ***

***МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ***

***MEDICAL SCIENCES***

*Шериева Н.Ж.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАЛКЫНЫН ДЕН СООЛУГУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

*Шериева Н.Ж.*

# МЕДИКО-ДЕМОГРАФИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ ЗДОРОВЬЯ НАСЕЛЕНИЯ ОШСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*N.G. Sherieva*

# MEDICAL AND DEMOGRAPHIC INDICATORS OF HEALTH OF THE POPULATION OF OSH REGION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 614.7:519.7 (575.2) (04)*

*Макалада оорулуулук жана майыптыктын көрсөткүчтөрүнө таасир этүүчү, Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы калктын медициналык-демографиялык абалы изилденген. Кыргыз Республикасында жылдан-жылга ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны өсүп барат. Мындай өсүү калктын оору жана жаракат алуусунун жогорку деңгээли, медициналык жардамдын жетишсиз сапаты, жагымсыз экологиялык шарттар менен байланыштуу. Изилдөөдө Ош облусун калкынын төрт жылдык көрсөткүчү Республиканын көрсөткүчү менен салыштырылган. Мындан башка төрөлүүнүн жалпы коэффициенти, өлүм-житими, табигый өсүү, эмгек жашындагылар жана калктын орточо жашы салыштырмалуу деңгээлде анализденип, Ош облусунун райондору боюнча төрөлүүнүн динамикасы көрсөтүлгөн. Төрт жылдын ичинде өлүм көрсөткүчү анын негизги себептерин кайсыл оорулар түзгөндүгү кеңири талданган. Изилденген мезгилдерде (2015-2018-жылдары) Республика жана Ош облусу боюнча кургак учук менен ооруган адамдардын санынын төмөндөгөнү (2015-91,2ден 2018-75,0гө) аныкталып, бирок кургак учуктан каза тапкандар айрым райондордо жогорулап баратканы далилденген.*

***Негизги сөздөр:*** *ден соолук, төрөлүүнүн динамикасы, табигый өсүү, майыптуулук, өлүм көрсөткүчү, калк облус.*

*В статье изучено медико-демографическое состояние населения Ошской области Кыргызской Республики, оказывающее влияние на показатели заболеваемости и инвалидности. В Кыргызской Республике из года в год увеличивается число лиц с ограниченными возможностями здоровья. Такой рост связан с высоким уровнем заболеваемости и травматизма населения, недостаточным качеством медицинской помощи, неблагоприятными экологическими условиями. В ходе исследования четырехлетний показатель населения Ошской области сравнивается с показателем Республики. Кроме того, проведен анализ общего коэффициента рождаемости, смертности, естественного прироста, трудового возраста и среднего возраста населения на относительном уровне, показана динамика рождаемости по районам Ошской области. В течение четырех лет был подробно проанализирован, какие болезни создали основные причины смертности. В исследованных периодах (2015-2018 гг.) по Республике и Ошской области было выявлено снижение заболеваемости туберкулезом (с 2015-91,2 до 2018-75,0), но подтверждено увеличение числа умерших от туберкулеза в отдельных районах.*

***Ключевые слова:*** *здоровье, динамика рождения, естественный прирост, инвалидность, показатель смертности, население, область.*

*The article studies the medical and demographic state of the population of Osh region of the Kyrgyz Republic, which influences the indicators of morbidity and disability. In the Kyrgyz Republic, the number of persons with disabilities is increasing from year to year. Such growth is associated with a high level of morbidity and injuries of the population, insufficient quality of medical care, unfavorable environmental conditions. In the course of the study, the four-year population index of*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Osh region is compared with that of the Republic. In addition, the analysis of the total fertility rate, mortality, natural growth, working age and average age of the population at a relative level, shows the dynamics of fertility in the districts of Osh region. Over the course of four years, it was analyzed in detail which diseases created the main causes of mortality. In the studied periods (2015-2018) in the Republic and Osh region, a decrease in the incidence of tuberculosis was revealed (from 2015-91. 2 to 2018-75. 0), but an increase in the number of deaths from tuberculosis in some areas was confirmed.*

***Key words:*** *health, birth dynamics, natural growth, disability, mortality rate, population, region.*

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.**

Оорулуулук жана майыптыктын көрсөткүчтөрүнө таасир этүүчү, Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы калктын медициналык-демографиялык абалын изилдеп сересеп жасоо (анализдөө).

**Изилдөөнүн уюштурулушу жана методикасы.**

Илимий жумуш - Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы медициналык-демографиялык процесстерге талдоо жүргүзүп, статистикалык ыкмалар колдонулду.

**Медициналык–демографиялык көрсөткүчтөрдү талдоо.**

Медициналык-демографиялык көрсөткүчтөрүн изилдөө 2015-2018-жылдарга жүргүзүлдү. Изилдөө мезгилинде Ош облусунун калкы (1055,5 миң-2015, 1195,1-миң-2018) 141 миң кишиге көбөйгөн (1-табл.).

Облустун калкы (1195,1 миң) Республиканын калкынын 21,0%ын түзөт, а. и. 288,5 миңи (облустун калкынын 23,1%ы) шаар калкы, 958,8 миңи (76,9%ы) айыл калкы [3].

Төрөлүүнүн жалпы коэффициенти 21,7‰, өлүм-житими – 5,0‰, табигый өсүшү – 16,7‰ (2015). Калкынын 40,7%и эмгек жашына чейинкилер, 52,5%и – эмгек жашындагылар, 6,8% – эмгек жашынан өткөндөр (2016). 1000 аялга 988 эркек (шаарларда – 931, айылдарда – 1006) туура келет. Калктын орточо жашы 24,0 (эркектердики – 23,5, аялдардыкы – 24,6).

Калктын 51,7% – деңиз деңг. 1000 мге чейинки бийиктикте, 33,7% – 1001–1500 мде, 9,3% – 1501–2000 мде, 4,1% – 2001–2500 мде, 1,2% – 2501 – 3000 м бийиктикте отурукташкан (2017) [5].

*Таблица 1*

**Ош облусунун жана Кыргыз Республикасынын калкынын 2015-2018 жылдардагы динамикасы (миң)**

| Жылы | Ош облусу | Кыргыз Республикасы | Облус шаар калкы | Облус айыл калкы | Ош облусу аялдар | Ош облусу эркектер | Ош облусу өспүрүмдөр | Ош облусу балдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2015 | 1055531 | 5957,3 | 94,8 | 1149,2 | 531967 | 523564 | 38512 | 363867 |
| 2016 | 1115117 | 6079,8 | 96,9 | 1176,7 | 561602 | 553515 | 60597 | 370657 |
| 2017 | 1151818 | 6198,5 | 99,4 | 1201,4 | 580070 | 571748 | 63574 | 393687 |
| 2018 | 1195111 | 6323,1 | 101,9 | 1226,1 | 603215 | 591896 | 63167 | 431481 |

2-таблицада Ош облусу боюнча 2015-жылы - 52,8%, 2016-жылы – 53,6%, 2017-жылы – 57,0%, 2018-жылы – 57,4% түзүп, калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн облус жана Республика боюнча өсүүсү байкалып турат:

Пенсия курактагы кишилердин саны облус боюнча анчалык өзгөргөн эмес (1,3%), бирок жалпы Республика боюнча 2,3% га көбөйгөн. Жаш балдар менен өспүрүм курактагылардын саны облус боюнча да, Республика боюнча да азайганы байкалып турат (2-табл.).

*Таблица 2*

**Ош облусунун жана Кыргыз Республикасынын калкынын жаш курактык курамы (миң)**

| | 14 жашка чейинки балдар | | | | Эмгекке жарамдуулар | | | | Пенсия курагындагылар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| КР | 1878,9 | 1939,4 | 1995,3 | 2053,2 | 3130,7 | 3415,6 | 4218,5 | 4234,4 | 51,5 | 52,3 | 52,7 | 53,5 |
| Ош | 363,8 | 370,6 | 393,6 | 431,4 | 626,4 | 683,8 | 694,5 | 700,4 | 943,7 | 86,6 | 85,8 | 83,4 |

Төрөлүү, өлүм-житими, ымыркайлардын жана энелердин өлүмү, табигый өсүү Ош облусунун калкынын ден-соолугунун негизги көрсөткүчү болуп эсептелет (3-табл.).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таблица 3*

**Ош облусунун жана Кыргыз Республикасынын калкынын 2015-2018-жылдардагы табигый өсүү динамикасы (1000 кишиге)**

| Көрсөткүч | Жылдары | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015 | | 2016 | | 2017 | | 2018 | |
| | Ош | Респ | Ош | Респ | Ош | Респ | Ош | Респ |
| Төрөлүү | 31,5 | 27,4 | 28,4 | 26,0 | 27,0 | 24,8 | 27,1 | 27,1 |
| Өлүм | 5,0 | 5,8 | 4,6 | 5,5 | 4,5 | 5,4 | 4,3 | 5,2 |
| Табигый өсүү | 26,5 | 21,6 | 23,8 | 20,5 | 22,5 | 19,4 | 22,8 | 21,9 |
| Энелердин өлүмү (100 миң тир т) | 12 (30,6) | 63 (38,5) | 10 (27,7) | 48 (30,3) | 9 (25,6) | 48 (31,2) | 8 (22,2) | 52 (30,4) |
| 1 жашка чейин балдар өлүмү (м.т) | 9,5 | 18,0 | 8,2 | 16,6 | 7,6 | 15,6 | 7,3 | 14,8 |

Изилдөөнүн жыйынтыгында (3-таблица) табигый өсүү процесси Республика боюнча бир калыпта турганы байкалса, Ош облусунда бул көрсөткүч дээрлик 2,3 кө жогорулаган.




1

1-сүрөттө көрүнүп тургандай Ош облусунда төрөлүү көрсөткүч (1000 кишиге алганда) 2015-жылдан (31,5) 2018-жылга (27,1) чейин 4,4 промиллиге азайган. Ушул эле көрсөткүч Республикада 2015-жылдан 2017-жылга чейин 2,6 га төмөндөп, 2018-жылы кайра жогорулаганы байкалып турат.

Ош облусунун райондору боюнча төрөлүүнүн динамикалык көрсөткүчү 4-таблицада көрсөтүлгөн.

*Таблица 4*

**Ош облусунун райондору боюнча төрөлүүнүн 2015-2018-жылдарга динамикалык көрсөткүчү (1000 кишиге).**

| Райондор | Жылдар | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| Алай | 29,6 | 26,5 | 24,1 | 25,2 |
| Араван | 32,2 | 28,7 | 29,5 | 29,3 |
| Карасуу | 33,9 | 29,9 | 29,0 | 27,3 |
| Каракулжа | 24,6 | 24,6 | 23,7 | 21,1 |
| Ноокат | 31,2 | 28,1 | 25,5 | 28,5 |
| Өзгөн | 30,7 | 28,0 | 26,4 | 26,5 |
| Чоң Алай | 32,5 | 29,7 | 29,4 | 31,6 |
| **Ош облусу** | **31,5** | **28,4** | **27,0** | **27,1** |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Төрөлүү көрсөткүчү Карасуу районунда (2015-жыл 22,8ден 2018-жылы 23,3) 2,2%га, Алай, Араван, Каракулжа, Ноокат, Өзгөн, Чоң Алай

Ош облусунун жана Республиканын 2015-2018-жылдарга өлүм көрсөткүчү 2-сүрөттө берилген.

2-диаграммада көрүнүп тургандай Республика жана Ош облусу боюнча өлүм көрсөткүч төмөндөгөн. Салыштырмалуу караганда 2015-жылы облустун көрсөткүчү 0,8 ге, калган жылдары 0,9 га Республикадан төмөн болгон.




**2-сүрөт.** 2015-2018-жылдарга өлүм көрсөткүчү (1000 кишиге).

*5-таблица*

**Ош облусунун райондору боюнча 2015-2018-жылдарга өлүм көрсөткүчүнүн динамикасы (1000 кишиге).**

| Райондор | Жылдар | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| Алай | 6,2 | 8,5 | 8,3 | 3,5 |
| Араван | 3,3 | 1,6 | 3,9 | 4,6 |
| Каракулжа | 9,5 | 8,3 | 8,2 | 7,1 |
| Карасуу | 3,8 | 6,1 | 6,7 | 5,6 |
| Ноокат | 3,0 | 2,5 | 1,8 | 1,0 |
| Өзгөн | 7,1 | (4,6 | 6,4 | 3,3 |
| Чоң Алай | - | -10,2 | 3,3 | 6,5 |
| **Ош облусу** | **4,7** | **5,0** | **5,5** | **4,1** |

Төрт жылдын ичинде өлүм көрсөткүчү Араван районунда 1,3кө (2015-3,3төн 2018-4,6га), Карасуу районунда 1,8ге (2015-3,8ден 2018-5,6га), Чоң-Алай районунда 6,5ке жогорулаган (5-табл.). Изилденген мезгилдерге (2015-2018) өлүм көрсөткүчүнүн төмөндөшү Алай районунда 2,7 ге, Каракулжа районунда 2,4 кө, Ноокатта 2 ге, Өзгөн районунда 3,8 ге азайган (4-табл.).

Ош облусундагы өлүмдүн себептеринин негизги пайызын жүрөк кан тамыр системаларынын оорулары түзгөн. 2015-жылы облус боюнча жалпы өлгөндөрдүн – 52,9%ын, 2016-жылы – 52,0%ын, 2017-жылы – 53,3%ын, 2018-жылы – 53,0%ын түзгөн (5-табл.). Экинчи орунду шишик (онкологиялык) оорулары түзүп, Республика боюнча да (2015-11,0дөн 2018-11,8ге), облус боюнча да (2015-10,1ден 2018-12,6га) өсүүсү байкалып турат. Мындан башка инфекциялык-паразитардык, нерв жана дем алуу системалары себеп болгон учурлардын да көбөйүүсү 5-таблицада көрүнүп турат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

*Таблица 6*

**Ош облусу жана Республика боюнча 2015-2018-жылдарга өлүмдүн себептери, % менен**

| Өлүмдүн себептери | Жылдары | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015 | | 2016 | | 2017 | | 2018 | |
| | Ош | Респ. | Ош | Респ. | Ош | Респ. | Ош | Респ. |
| Инфекц ж/а паразит оорулары | 2,7 | 2,5 | 2,6 | 2,2 | 3,0 | 2,4 | 2,2 | 3,0 |
| Шишик оорулары | 10,1 | 11,0 | 10,8 | 11,7 | 10,9 | 11,6 | 12,6 | 11,8 |
| Нерв. сист. оорулары | 1,6 | 1,5 | 1,9 | 1,6 | 2,2 | 1,4 | 1,4 | 1,9 |
| Жүрөк кан-тамыр оорулары | 52,9 | 50,8 | 52,0 | 50,8 | 53,3 | 51,6 | 50,9 | 53,0 |
| Дем алуу систем. оорулары | 6,9 | 5,3 | 7,7 | 6,0 | 7,7 | 5,7 | 5,3 | 7,1 |
| Тамак сиңирүү сист. оорулары | 7,1 | 6,6 | 6,5 | 6,4 | 6,4 | 6,3 | 6,4 | 6,3 |
| Заара жана жыныс системаларынын оорулары | 2,0 | 1,4 | 2,0 | 1,4 | 1,6 | 1,3 | 1,2 | 1,7 |
| Перинаталдык мезгил абалы | 2,0 | 5,7 | 1,7 | 5,1 | 1,2 | 4,5 | 5,3 | 1,5 |
| Тубаса кемтик | 1,9 | 1,7 | 1,8 | 1,8 | 1,4 | 1,6 | 1,6 | 1,3 |
| Сырткы себептер | 8,4 | 8,9 | 8,1 | 8,3 | 7,7 | 8,6 | 7,8 | 7,3 |
| Башка себептер | 4,4 | 4,6 | 4,8 | 4,7 | 4,6 | 5,0 | 5,3 | 5,1 |

Изилденген мезгилдерде (2015-2018-жж.) Республика жана Ош облусу боюнча кургак учук менен ооруган адамдардын санынын төмөндөгөнү (2015-91,2ден 2018-75,0гө) байкалган. Бирок кургак учуктан каза тапкандар Республика боюнча төмөндөгөнү менен айрым райондордо бул көрсөткүчтүн жогорулашы байкалган. Мисалы: Араван районунда 3,3төн 4,6 га, Кара-Суу району 3,8ден 5,6га, Чоң-Алай районунда 6,5 көрсөткүчкө жогорулаган.

*Таблица 7*

**2015-2018-жылдарга кургак учуктун көрсөткүчү, % менен**

| Району | Кургак учук | | | | Кургак учуктан өлгөндөр | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 100000 кишиге | | | | 100000 кишиге | | | |
| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| Республика | 95,4 | 91,3 | 88,5 | 80,8 | 6,1 | 5,6 | 5,1 | **4,6** |
| Ош облусу | 91,2 | 83,9 | 84,4 | 75,0 | 4,7 | 5,0 | 5,5 | **4,1** |
| Алай | 84,9 | 82,1 | 80,9 | 78,5 | 6,2 | 8,5 | 8,3 | 3,5 |
| Араван | 81,5 | 59,4 | 66,7 | 61,3 | 3,3 | 1,6 | 3,9 | 4,6 |
| Кара-Кулжа | 119,8 | 107,5 | 109,9 | 91,3 | 9,5 | 8,3 | 8,2 | 7,1 |
| Кара-Суу | 96,4 | 86,8 | 89,8 | 72,8 | 3,8 | 6,1 | 6,7 | 5,6 |
| Ноокат | 72,2 | 57,8 | 63,4 | 55,5 | 3,0 | 2,5 | 1,8 | 1,0 |
| Өзгөн | 102,6 | 116,5 | 99,8 | 101,8 | 7,1 | 4,6 | 6,4 | 3,3 |
| Чон-Алай | 62,7 | 30,6 | 73,2 | 48,8 | 0,0 | 10,2 | 3,3 | 6,5 |

Изилденген мезгилде (2015-2018-жж.) энелердин өлүмү Республикага салыштырмалуу Ош облусу боюнча төмөндөгөнү байкалган (3-сүрөт).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557






**3-сүрөт.** Энелердин өлүмү (100 000 тирүү төрөткө).

Энелердин өлүмү Республикада 2015-жылы 100 миң тирүү төрөткө 38,5 болсо, бул көрсөткүч 2018-жылы 30,4тү түзүп 8,1ге азайган. Ушул эле көрсөткүч Ош облусу боюнча 2015-жылдан 2018-жылга чейин 8,4 болуп Республика менен бирдей ылдамдыкта төмөндөгөнү аныкталган.

*Таблица 8*

**1 жашка чейинки балдардын өлүмү (1000 тирүү төрөлгөнгө), 2014-2018-жж.**

| Региондор | 1 жашка чейинки балдардын өлүмү (1000 тирүү төрөлгөнгө). | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| Республика | 20,2 | 18,0 | 16,6 | 15,6 | 14,8 |
| Ош облусу | 10,8 | 9,5 | 8,2 | 7,6 | 7,3 |
| Алай | 9,7 | 11,6 | 8,2 | 9,4 | 7,4 |
| Араван | 8,3 | 9,7 | 5,3 | 9,3 | 7,6 |
| Кара-Суу | 10,4 | 8,8 | 7,7 | 6,6 | 6,6 |
| Ноокат | 11,1 | 10,8 | 8,3 | 7,1 | 7,1 |
| Өзгөн | 12,8 | 7,7 | 9,4 | 8,3 | 7,3 |
| Кара-Кулжа | 10,6 | 9,9 | 9,3 | 7,4 | 8,2 |
| Чон-Алай | 9,4 | 14,0 | 13,7 | 10,2 | 13,4 |

Республикага салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү Ош облусунун көрсөткүчү 2014-жылы 9,6га, 2015-8,5ке, 2016-8,4кө, 2017-8ге, 2018-7,5ке төмөн болгон. Райондордун арасынан Чоң-Алайда балдардын чарчап калуусу 2014-9,4төн 2018-жылы 13,4кө өскөндүгү 8-таблицада байкалган.

Ош облусунун 2015-жылдан тартып 2018-жылга чейинки табигый өсүү көрсөткүчү 3,7ге төмөндөгөн.

Алай районунда 2015-23,6, 2016-20,8, 2017-19,3кө төмөндөп, 2018-жылда - 19,8ди түзүп кайра көтөрүлгөн. Араван районунда 2015-жылдан тартып 2018-жылга чейин 27,2 ден 24,7ге төмөндөгөн. Кара-Суу районунда салыштырган мезгилдердеги көрсөткүчү 28,8ден 23,1ге азайган. Табигый өсүү көрсөткүчү башка райондордо дээрлик сезилээрлик өзгөргөн эмес (9-табл.).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таблица 9*

**Табигый өсүү (1000 калкка) 2015-2018-жж.**

| Региондор | Табигый өсүү 1000 калкка | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| Ош облусу | 26,5 | 23,8 | 22,5 | 22,8 |
| Алай | 23,6 | 20,8 | 19,3 | 19,8 |
| Араван | 27,2 | 24,2 | 25,0 | 24,7 |
| Кара-Кулжа | 19,1 | 19,6 | 19,1 | 16,4 |
| Кара-Суу | 28,8 | 25,4 | 24,5 | 23,1 |
| Ноокат | 26,8 | 23,8 | 21,4 | 24,7 |
| Өзгөн | 25,6 | 23,2 | 21,6 | 22,0 |
| Чон-Алай | 28,2 | 26,0 | 25,4 | 27,8 |

Кыргызстандын Ош облусуна жана Республикага жасалган талдоонун жыйынтыгы менен төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот:

1. Ош облусунун калкынын өлүм көрсөткүчүнө салыштырмалуу төрөлүүсү жогору болуп, калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн көбөйүп жатканы, калктын санынын прогрессивдүү өсүүдө экенин тастыктап турат;
2. Республика жана Ош облусу боюнча төрөлүүнүн саны жылдан-жылга төмөндөп баратат;
3. Энелердин жана 1 жашка чейинки балдардын өлүмү Ош облусу боюнча азайган бирок айрым климаты, жашоо-шарты өзгөчө катаал тоолуу Чоң-Алай районунда балдардын чарчап калуу көрсөткүчү өсүп кеткен;
4. Кургак учук оорусу жалпы Республика жана Ош облусунда азайганы менен учук илдетинен каза тапкандардын саны азайган эмес;
5. Табигый өсүү көрсөткүчү облустун баардык 7 районунда тең төмөндөп баратканы аныкталды.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын акыйкатчысынын жылдык доклады, ошондой эле, КРнын Акыйкатчысынын 2014-жылдагы ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары боюнча атайын доклады.
2. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР. - Бишкек, 2018.
3. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР. - Бишкек, 2017.
4. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР. - Бишкек, 2016.
5. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР. - Бишкек, 2015.
6. Трапман П. “Майыптуулук маселеси боюнча колдонмо”. - Бишкек, 2007.